*12.00.10 – европалык укук, эл аралык укук, 12.00.14 – административдик укук, финансылык укук, маалыматтык укук адистиктери боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган* ***"Интернет тармагындагы автордук укуктарды коргоо:*** *эл аралык укук жана* ***Кыргыз Республикасынын мыйзамдары"*** *темадагы Арзыматова Элиза Бактыбековнанын диссертациясына Кыргыз Мамлекеттик юридикалык университетинин жана милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы КР ИИМ Академиясынын Д. 12.19.592 Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын*

## *КОРУТУНДУСУ*

**Юридика илимдеринин доктору, доцент Самудинов Улаң Мундузбекович** юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жана милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын ИИМ Академиясынын алдында юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д 12.19.592 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын эксперти катары Арзыматова Элиза Бактыбековнанын диссертациясын, илимий жетекчиси, юридика илимдеринин доктору, профессор Керезбеков Канат Керезбековичтин диссертацияга карата берилген баасын, Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин Административдик жана финансы укугу кафедрасынын оң корутундуларын, кеңешке көрсөтүлгөн баштапкы документтерди, ошондой эле диссертациялык изилдөөнүн темасы боюнча басылып чыккан илимий басылмаларды карап чыгып, төмөнкүнү белгилейт:

**1. Иштин адистикке карата ылайыктуулугу.** Арзыматова Элиза Бактыбековнанын « **Интернет тармагындагы автордук укуктарды коргоо: эл аралык укук жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары»** темадагы коргоого көрсөтүлгөн кандидаттык диссертациясы Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жана милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын ИИМ Академиясынын алдында юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д 12.19.592 диссертациялык кеңештин профилине ылайык келет жана 12.00.10 – европалык укук, эл аралык укук, 12.00.14 – административтик укук, финансылык укук, маалыматтык укук адистиктеринин паспортуна толук көлөмдө жооп берет.

Диссертациялык изилдөө Интернет тармагында автордук укуктарды бузууларга карата административдик-укуктук жана эл аралык-укуктук коргоо, алдын ала чара көрүү, бөгөт коюу суроолорун жана бул коргоо тармагындагы укук колдонуу ченемдерин жүзөгө ашырууда жаралган көйгөйлөрүн теоретикалык-укуктук изилдеп чыгуу менен бирге Кыргыз Республикасынын бул жааттагы мыйзамдарын жакшыртууга багытталган теоретикалык жана практикалык укуктук аспектилерин изилдөөнүн жана талдоонун негизинде сунуш кылуу максатында жүргүзүлгөн.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** Интернет тармагынын масштабдуу өнүгүү жана массалык пайдалануу шарттарында автордук укуктун объекттерин коргоо чөйрөсүндөгү эл аралык укуктун принциптери, эл аралык келишимдердин ченемдери, Тармакта автордук укуктун объекттерин пайдаланууда келип чыккан укуктук мамилелерди эл аралык-укуктук жөнгө салуу болуп эсептелет.

Бул 12.00.10 – европалык укук, эл аралык укук, 12.00.14 – административтик укук, финансылык укук, маалыматтык укук адистиктери боюнча талаптарга ылайык келет.

**2. Изилдөө темасынын актуалдуулугу.**

Коргоого коюлган диссертациялык изилдөөнүн темасы азыркы заманбап шартта ири актуалдуу келет. Дүйнө мамлекеттерин жана Кыргыз Республикасын алып караганда, Интернет тармагы ар кыл чөйрөнү өзүнө буруп, саясат, экономика, илим-билим, маданият ж.б.у.с. жаатта таасири күч алууда. Ал эми акыркы жылдары өлкөбүздө аталган чөйрөлөрдү санариптештирүү шартында бул абал ого бетер курчууда.

Диссетациялык изилдөө алкагындагы автордук укуктарды Интернет тармагында коргоо маселеси бир топ укуктук көйгөйлөрдү жаратып келет. Аталган көйгөй бир гана улуттук эмес, эл аралык көйгөй десек туура болот. Себеби, Интернет тармагы так чектелген чек арага алынбагандыктан, мамлекет аралык – эл аралык укуктук чектөөгө тийиш келет. Мындан улам, диссертациялык изилдөө, ар тараптуу, тактап айтканда, эл аралык укуктук, административдик укуктук жана маалыматтык укуктук изилденүүгө жатат.

**3. Илимий натыйжалар.** Иште юридикалык илимдин өнүктүрүүсүнө чоң мааниси бар болгон төмөнкү жаңы илимий жактан негизделген теоретикалык жыйынтыктардын жыйындысы көрсөтүлгөн:

**1-натыйжа.** Диссертант тарабынан укуктук салыштырманын негизинде кээ бир мамлекеттерде каралган автордук укуктарды укуктук жөнгө салуунун натыйжалуу шарттарын изилдөө аракети жасалды;

**2-натыйжа.** Диссертант тарабынан Интернет тармагында жарыяланган чыгармалардын автордук укуктарын коргоо зарылдыгы негизделди;

**3-натыйжа.** Диссертант чыгарманын санариптик түрү техникалык каражаттардын жардамы менен жазууга теңелгендиги, ал эми заманбап санарип технологиялары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана «Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралган материалдык алып жүрүүчү болуп саналарын таануу зарылдыгын негиздеди;

**4-натыйжа.** Диссертант тарабынан Интернетти жөнгө салуу укуктук ченемдер жана техникалык эрежелер менен жүзөгө ашыруу тууралуу сунуштар киргизилди;

**5-натыйжа.** Диссертант адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясынын 5-беренесинин 2-пунктунда каралган «коргоонун көлөмү» термини автордук укуктун көлөмүн ээлөөнүн укуктуулугун, чыгарманын оригиналдуулугун, автордук укуктун объектисинин корголгондугун аныктоо тууралуу сунуш жасады;

**6-натыйжа.** Диссертант тарабынан Интернетте чыгармаларды жайылтуу менен колдонуучуларга анын акы төлөнүүчү же акысыз экендигине карабастан, чыгармаларды алууга жана аларды көчүрүп алууга мүмкүндүк берген ар кандай иш-аракеттерди түшүнүү тууралуу сунуштар келтирилди;

**7-натыйжа.** Диссертант электрондук китепканалардын укуктук статусун мыйзамдуу түрдө аныктоо зарыл экендигин тастыктады.

**4. Диссертациядагы изденүүчүнүн ар бир натыйжанын (илимий жобонун), жыйынтыктардын жана тыянактын негизделгендигинин жана аныктыгынын даражасы.**

**1-натыйжа.** Кээ бир мамлекеттерде каралган автордук укуктарды укуктук жөнгө салуунун натыйжалуу шарттары негизделген. Натыйжа анык болуп эсептелинет, анткени автордук укуктарды коргоо чөйрөсүндө ченемдик укуктук актылардын жана бир катар теоретикалык иштеп чыгаруулардын терең талдоосуна негизделет.

**2-натыйжа.** Интернет тармагында жарыяланган чыгармалардын автордук укуктары корголуу зарылдыгы менен негизделген. Анык болуп эсептелинет, анткени КРнын жана тийиштүү чет өлкөлүк ченемдик укуктук актылардын терең талдоосу менен негизделген.

**3-натыйжа.** Чыгарманын санариптик түрү техникалык каражаттардын жардамы менен жазууга теңелип, заманбап санарип технологиялары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана «Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралган материалдык алып жүрүүчү болуп саналарын таануу зарылдыгы негизделген. Анык

болуп эсептелинет, улуттук жана чет элдик мыйзамдардын терең талдоосуна негизделген.

**4-натыйжа.** Интернетти жөнгө салуу укуктук ченемдер жана техникалык эрежелер менен жүзөгө ашырылууга тийиштиги негизделген. Анык болуп эсептелинет, анткени теориялык-практикалык тармакта жана эл аралык тажрыйба шартында тастыкталган.

**5-натыйжа.** Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясынын 5-беренесинин 2-пунктунда каралган «коргоонун көлөмү» термини автордук укуктун көлөмүн ээлөөнүн укуктуулугун, чыгарманын оригиналдуулугун, автордук укуктун объектисинин корголгондугун аныктоо маселелерин камтый тургандыгы менен негизделген. Анык болуп эсептелинет, улуттук жана чет элдик мыйзамдардын терең талдоосуна негизделген.

**6-натыйжа.** Интернетте чыгармаларды жайылтуу менен колдонуучуларга анын акы төлөнүүчү же акысыз экендигине карабастан, чыгармаларды алууга жана аларды көчүрүп алууга мүмкүндүк берген ар кандай иш-аракеттерди түшүнүү сунуштоосу негизделген. Анык болуп эсептелинет, анткени бир катар тийиштүү илимий эмгектердин негизиндеги теориялык талдоосу менен тастыкталат.

**7-натыйжа.** Электрондук китепканалардын укуктук статусун мыйзамдуу түрдө аныктоо зарыл экендиги негизделет. Анык болуп эсептелинет, себеби, теориялык-практикалык тармакта терең талдоого негизделген.

**5. Диссертациядагы ар бир илимий натыйжанын (жобонун), жыйынтыктардын жана тыянактын жаңылчылыгынын даражасы**

**1-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анткени Кыргыз Республикасында алгачкы ирет автордук укуктарды Интернет тармагында укуктук жөнгө салуунун натыйжалуу шарттарын изилдөө аракети жасалып жатат.

**2-натыйжа.** Жарым-жартылай жаңы, анткени Интернет тармагында жарыяланган чыгармалардын автордук укуктарынын корголуу зарылдыгы изилдөөгө алынып келген.

**3-натыйжа.** Жаңы, анткени чыгарманын санариптик түрү техникалык каражаттардын жардамы менен жазууга теңелип, заманбап санарип технологиялары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана «Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралган материалдык алып жүрүүчү болуп саналарын таануу өзгөчөлүктөрү тастыкталат.

**4-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анткени Интернетти жөнгө салуу укуктук ченемдер жана техникалык эрежелер менен жүзөгө ашырылуу зарылчылыгы менен тастыкталат.

**5-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анткени адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясынын 5-беренесинин 2-пунктунда каралган «коргоонун көлөмү» термини автордук укуктун көлөмүн ээлөөнүн укуктуулугун, чыгарманын оригиналдуулугун, автордук укуктун объектисинин корголгондугун аныктоо маселелерин камтый тургандыгы тастыкталган.

**6-натыйжа.** Жарым-жартылай жаңы болуп саналат, анткени Интернетте чыгармаларды жайылтуу менен колдонуучуларга анын акы төлөнүүчү же акысыз экендигине карабастан, чыгармаларды алууга жана аларды көчүрүп алууга мүмкүндүк берген ар кандай иш-аракеттерди түшүнүү сунуштоосу каралып келген.

**7-натыйжа**. Жаңы, анткени электрондук китепканалардын укуктук статусун мыйзамдуу түрдө аныктоо зарылчылыгы алгач ирет изилдөөгө алынууда.

**6. Тийиштүү актуалдык маселени, теоретикалык жана колдонмолук милдетти чечүүгө болгон алынган натыйжалардын ички бирдиктүүлүгүнүн жана багытталышынын баасы.**

Арзыматова Элиза Бактыбековнанын “Интернет тармагындагы автордук укуктарды коргоо: эл аралык укук жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары” темадагы диссертациясынын коргоого чыгарылып жаткан жоболору Интернет тармагындагы автордук укуктардын корголушун талдоодо комплекстүү изилдөөсү болуп саналат. Жыйынтыктарда автор бул тема жетишерлик түрдө иштелип чыгарылган эмес жана изилденилген эмес деген тыянакка келет. Натыйжа катары, диссертациялык изилдөөнүн жоболору Кыргыз Республикасынын аткаруу мыйзамдарын андан аркы жакшыртуу максатында колдонулса болот.

**7. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Алынган жыйынтыктар жана алардын негизинде түзүлгөн сунуштар колдонуудагы мыйзамдардын андан аркы жакшыртуусу үчүн негиз боло алат, Интернет тармагында автордук укуктарды коргоо жаатындагы мамилелерди административдик-укуктук жана эл аралык-укуктук тескөөдө жаралган көйгөйлөрдү изилдөөдө, тажрыйбалык ишмердүүлүгүндө колдонуу мүмкүндүгүн жаратат. Ошондой эле колдонуудагы ченемдик актыларга өзгөртүү жана толуктоо киргизүү боюнча сунуштарды жүзөгө ашыруу, жана да аларды практикада колдонуу мүмкүндүгү келип чыкпай койбойт. Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары билим берүү тармагында, ЖОЖдордун окуу процессинин жүрүшүндө “Интеллектуалдык менчик укугу”, “Автордук укук” “Эл аралык укук” ж.б.у.с сабактардын жүрүшүндө, ошондой эле соттук жана башка укук колдонуу ишмердүүлүгүндө да колдонулушу мүмкүн.

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана жыйынтыктарынын чыгарылышынын ырастоосу:**

1. Арзыматова Э.Б. Интернет түйүнүнүн мыйзам чыгарууда жакшыртууну жөнгө салуу жаатындагы укуктары [Текст] / Э.Б. Арзыматова // Вестник КГЮА –2016. –№4. –76-78бб.

2. Арзыматова Э.Б. Значение технических средств защиты объектов авторских и смежных прав в сети интернет [Текст] / Э.Б. Арзыматова // Вестник КГЮА –2016. –№4. –78-81бб.

3. Арзыматова Э.Б. Международное правовое регулирование авторских прав в Интернете: [Текст] / Э.Б. Арзыматова // Modern Science – 2018. –12-2. –13-16бб.

4. Арзыматова Э.Б. Проблемы неправомерного использования в сети Интернет объектов охраняемых авторским и смежным правом: [Текст] / Э.Б. Арзыматова // Научные труды академии МВД КР им.генерал-майора милиции Алиева Э.А. –2019. –№1. – 3-8бб.

5. Арзыматова Э.Б. Вопросы ответственности интернет провайдеров: [Текст] / Э.Б. Арзыматова // Modern Science.– 2019. –10-3. –26-31бб.

6. Арзыматова Э.Б. Права на распространение в интернете: [Текст] / Э.Б.Арзыматова // Вестник КГУСТА.– № 4 (66). – 2019. –609- 613бб.

7. Арзыматова Э.Б. Проблемы нарушений авторских прав в интернете: [Текст] / Э.Б. Арзыматова // Вестник КГУСТА.– № 4 (66). – 2019. –614- 617бб.

**9. Авторефераттын диссертацияга ылайыктуулугу.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине ылайык келет, орус жана англис тилинде бирдей резюмеси бар.

**10. Жетектоочү уюмдун, расмий оппоненттердин дайындалышы тууралуу сунуштун негизделиши. Диссертациялык кеңештин комиссиясы кандидаттык диссертация боюнча дайындоосун сунуштайт.:**

Жетектөөчү уюм катары Кыргызстан Россия Словян Университетинин административдик жана финансылык укугу кафедрасын;

*1. биринчи расмий оппонент* катары – юридика илимдеринин доктору, профессор Айдарбаев Сагынгали Жоламановичти (автореферат боюнча адистиги – 12.00.10);

*2. экинчи расмий оппонент* катары – юридика илимдеринин кандидаты Жээнмырзаева Беназир Жээнмырзаевнаны (автореферат боюнча адистиги - 12.00.14).

Көрсөтүлгөн документтерди карап чыгып комиссия, Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетеинин жана Кыргыз Республикасынын ИИМ генерал-майор Э.А.Алиев атындагы академиясынын юридика илиминин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгарып берүү боюнча түзүлгөн Д12.19.592 Диссертациялык кеңешине Арзыматова Элиза Бактыбековнанын “Интернет тармагындагы автордук укуктарды коргоо: эл аралык укук жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары” деген темадагы юридика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга берилген кандидаттык диссертациясын 12.00.10 – европалык укук, эл аралык укук; 12.00.14 – административдик укук, финансылык укугу, маалыматтык укук адистиктери боюнча коргоого кабыл алынууну сунуштайт.

**Эксперттик комиссиянын төрагасы,**
**ю.и.д., доцент** **У.М.Самудинов**

**Диссертациялык кенештин окумуштуу катчысы,**
**ю.и.к., доцент** **Н.А. Мусабаева**

***17 февраль 2020ж.***

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
подпись ____ заверяю
(Ф.И.О.)
№ ____ 20__ г.
КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ